| S-2024-0005 (документтин шифри) 12 (беттин саны) 21. 11. 2024 (Бекитилген датасы) | Ош мамлекеттик университети |
|---|---|
| | **ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ КОЛДОО САЯСАТЫ** |
| | Илимий мектебин колдоо жана кадрдык потенциалын жогорулатуу үчүн башкы илимий кызматкер кызматкерди тартуу |

БЕКИТЕМИН
ОшМУнун ректору,
профессор
К.Г. Кожобеков

# Ош мамлекттик университетинин окутуучусун илимий кызматкер кызмат ордуна которуу тартиби жөнүндө

# ЖОБО

**2024-жыл**

## Ош мамлекттик университетинин окутуучуларын илимий кызматкер кызмат ордуна которуу тартиби жөнүндө

## ЖОБО

### ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | Ош мамлекттик университетинин окутуучуларын илимий кызматкер кызмат ордуна которуу тартиби жөнүндө ЖОБО |
| Документтин теги | ОшМУдагы илим изилдөө ишмердүүлүгүн колдоо саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилгендиги жөнүндө маалымат | |
| Документтин шифры | |
| Документтин кыскача аннотациясы | Илим изилдөөнү өнүктүрүү, кадрдык потенциалды жогорулатуу үчүн алдыңкы илимпоздорду университетке тартуу жана жогорку кесиптик билим берүүнү трансформациялоо боюнча «Университет 4.0» моделинин концепциясын ишке ашыруу |


| ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ | |
|---|---|
| Титулдук барак | 1-бет |
| Ченемдик документтин паспорту | 2-бет |
| 1. Негизги жоболор | 3-бет |
| 2. «Башкы илимий кызматкер», «жетектөөчү илимий кызматкер» жана «улук илимий кызматкер» кызмат ордуна которууга сунушталган окутуучулардын квалификациясына жалпы жана кошумча талаптар | 4-бет |
| 3. Окутуучуларды «башкы илимий кызматкер», «жетектөөчү илимий кызматкер» жана «улук илимий кызматкер» кызмат ордуна которуу тартиби | 6-бет |
| 4. «Башкы илимий кызматкер», «жетектөөчү илимий кызматкер» жана «улук илимий кызматкер» кызмат ордуна которулган окутуучулардын милдеттери | 6-бет |
| 5. «Башкы илимий кызматкер», «жетектөөчү илимий кызматкер» жана «улук илимий кызматкер» кызмат ордуна которулган окутуучулардын жоопкерчиликтери | 8-бет |
| 6. Тиркемелер | 9-бет |

**Ош мамлекттик университетинин окутуучуларын илимий кызматкер кызмат ордуна которуу тартиби жөнүндө**

**ЖОБО**

## 1. Негизги жоболор

1.1. Ош мамлекеттик университетинин окутуучуларын **илимий кызматкер** кызмат ордуна которуу тартиби жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо) Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын «Илим жөнүндө» Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын нормативдик укуктук башка актыларынын негизинде иштелип чыккан жана Ош мамлекеттик университетинин (мындан ары - ОшМУ) окутуучуларын **илимий кызматкер** кызмат ордуна которууну жөнгө салат;

1.2. ОшМУда илим изилдөөнү өнүктүрүү, кадрдык потенциалды жогорулатуу үчүн алдынкы илимпоздорду университетке тартуу жана жогорку кесиптик билим берүүнү трансформациялоо боюнча «Университет 4.0» моделинин концепциясын ишке ашыруу максатында илимий-метрикалык көрсөткүчтөрү жогору болгон окутуучуларды **илимий кызматкер кызмат ордуна** которуу тартиби ишке киргизилет;

1.3. «Илимий кызматкер» кызмат ордуна которулган окутуучу – бул илимдин тиешелүү тармагында илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн, университеттин профессордук-окутуучулук курамынын кызмат орундарынын квалификациялык мүнөздөмөлөрүнө жана ушул Жобого ылайык кошумча квалификациялык талаптарга жооп берген жеке жак болуп саналат;

1.4. Илимий кызматкер кызмат ордуна талапкер болгон ОшМУнун окутуучулары тиешелүү штаттык окутуучулук кызмат орду боюнча профессор - «башкы илимий кызматкер», доцент - «жетектөөчү илимий кызматкер», улук окутуучу - «улук илимий кызматкер» кызмат ордуларына которулууга укуктуу. Илимий кызматкер илим изилдөө багытына туура келген кафедранын штатына жекече эмгек келишими менен штаттык бирдик катары 1 (бир) окуу жылына которулат;

1.5. ОшМУнун кафедрасынын штатындагы илимий кызматкерге тиешелүү штаттык окутуучулук кызматы боюнча аткарган окуу жүгүнүн ставкасына карап, окуу жылы үчүн **0,25 штаттык бирдик, 0,5 штаттык бирдик, 0,75 штаттык бирдик же 1 штаттык бирдик** берилет;

1.6. Окутуучуларды **илимий кызматкер кызмат ордуна** которуу төмөнкү үч учурларда каралат:

1) ОшМУда толук штаттык бирдикте иштеген, узак мөөнөттүү иш тажрыйбасы бар, Жободогу «профессор», «доцент», «улук окутуучу» же «окутуучу» кызмат орундары боюнча профессордук-окутуучулук сынактан өткөн жана тиешелүү илимий кызматкер кызмат ордуна коюлган талаптарга (2-бөлүмдө көрсөтүлгөн) жооп берген гана окутуучулар которула алат;

2) эгерде кафедранын окутуучусу гранттык же чарбалык келишим менен каржыланган илимий долбоорду ОшМУга алып келсе (утуп алса), анда долбоордун каржылоо булагында айлык маянага бөлүнгөн бюджетинин негизинде тиешелүү илимий кызматкер кызматына которулат;

3) университеттин эл аралык рейтингине жана репутациясына таасир этүүчү өзгөчө учурда ректордун буйругунун жана жоопкерчилигинин негизинде дагы которулат.

1.7. Тиешелүү илимий кызматкердин кызмат орунга которулуусу эмгек келишиминин мөөнөтү аяктагандан кийин кайра мөөнөтүн узартуу жана токтотуу тууралуу чечим структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилеринин (кафедра башчы, декан, директор, илим

жана инновация бөлүм башчысы) билдирүүсүнүн (сунушунун) негизинде ОшМУнун ректору тарабынан кабыл алынат;

1.8. Тиешелүү илимий кызматкер кызмат орунга которулуу учурунда профессор, доцент, улук окутуучулардын кызмат ордунун тиешелүү эмгек акы шарттары сакталат жана башкы илимий кызматкер - профессордун, жетектөөчү илимий кызматкер- доценттин, улук илимий кызматкер - улук окутуучунун айлык маянасына теңдештирилген эмгек акы алышат (5.5-пункутун кара);

## 2. Илимий кызматкер кызмат ордуна которууга сунушталган окутуучулардын квалификациясына коюлган жалпы жана кошумча талаптар:

2.1. Илимий кызматкер кызмат орунга сунушталган окутуучулар ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын тиешелүү кызмат орундарына коюлган талаптарга ылайык келиши шарт. Кыргыз Республикасынын «Илим жөнүндө» Мыйзамынын 8-беренесинде берилген илимий кызматкерлердин укуктары жана милдеттеринен сырткары Жободо каралган кошумча талаптар да коюлат;

**2.2.** Илимий кызматкер кызмат ордуна которулуучу окутуучуларга коюлган **кошумча талаптар:**

**«Башкы илимий кызматкер» кызмат ордуна которууга сунушталган профессор үчүн:**

- учурда ОшМУнун атынан бир же андан көп гранттык же чарбалык келишим менен каржыланган илимий долбоорго жетекчилик/тең жетекчилик кылуу же катышуучусу болуу;

***Табигый илимдер, техника, медицина жана саламаттыкты сактоо, айыл чарба жана ветеринардык илимдер тармактары үчүн:***

- CiteScore боюнча процентили 50дөн кем эмес Scopus базасында индекстелген журналдарда же Web of Science маалымат базасы боюнча 1-2-квартилге кирген журналдарда акыркы 5 (беш) жылда жарыкка чыккан 5 (беш) илимий макаласынын болушу;
- Хирш индекси (өзүн-өзү цитирлөөсүн эсепке албаганда) 5тен (беш) кем эмес.

***Гуманитардык илимдер жана искусство тармактары үчүн:***

- CiteScore боюнча процентили 35тен кем эмес болгон Scopus базасында индекстелген журналдарда же Web of Science маалымат базасы боюнча 1-2-3-квартилге кирген журналдарда акыркы 5 (беш) жылда жарыкка чыккан 3 (үч) илимий макаласынын жана автордун ушул эле мезгилде жеке салымы менен жарык көргөн 6 басма табактан кем эмес монографиясынын болушу;
- Хирш индекси (өзүн-өзү цитирлөөсүн эсепке албаганда) 4төн (төрт) кем эмес.

**«Жетектөөчү илимий кызматкер» кызмат орунга которууга сунушталган доцент үчүн:**

- учурда ОшМУнун атынан бир же андан көп гранттык же чарбалык келишим менен каржыланган илимий долбоорго жетекчилик/тең жетекчилик кылуу же катышуучусу болуу;

***Табигый илимдер, техника, медицина жана саламаттыкты сактоо, айыл чарба жана ветеринардык илимдер тармактары үчүн:***

- CiteScore боюнча процентили 35тен кем эмес болгон Scopus базасында индекстелген журналдарда же Web of Science маалымат базасы боюнча 1-2-3-квартилге кирген журналдарда акыркы 5 (беш) жылда жарыкка чыккан 5 (беш) илимий макаласынын болушу;
- Хирш индекси (өзүн-өзү цитирлөөсүн эсепке албаганда) 4төн (төрт) кем эмес.

***Гуманитардык илимдер жана искусство тармактары үчүн:***

- CiteScore боюнча процентили 35тен кем эмес болгон Scopus базасында индекстелген журналдарда же Web of Science маалымат базасы боюнча 1-2-3-квартилге

кирген журналдарда акыркы 5 (беш) жылда жарыкка чыккан 3 (үч) илимий макаласынын болушу;

- Хирш индекси (өзүн-өзү цитирлөөсүн эсепке албаганда) 3төн (үч) кем эмес.

**«Улук илимий кызматкер» кызмат орунга  котоурууга сунушталган улук окутуучу үчүн:**

- учурда ОшМУнун атынан бир же андан көп гранттык же чарбалык келишим менен каржыланган илимий долбоорго жетекчилик/тең жетекчилик  кылуу же катышуучусу болуу;

***Табигый илимдер, инженерия жана технология, медицина жана саламаттыкты сактоо, айыл чарба жана ветеринардык илимдер тармактары үчүн:***

- CiteScore  боюнча процентили 25тен кем эмес болгон Scopus  базасында индекстелген журналдарда же Web of Science маалымат базасы боюнча  1-2-3-квартилге кирген журналдарда акыркы 5 (беш) жылда жарыкка чыккан 5 (беш) илимий макаласынын болушу;
- Хирш индекси (өзүн-өзү цитирлөөсүн эсепке албаганда) 3төн (үч) кем эмес.

***Гуманитардык илимдер жана искусство тармактары үчүн:***

- CiteScore  боюнча процентили 25тен кем эмес болгон Scopus  базасында индекстелген журналдарда же Web of Science маалымат базасы боюнча  1-2-3-квартилге кирген журналдарда акыркы 5 (беш) жылда жарыкка чыккан 3 (үч) илимий макаласынын болушу;
- Хирш индекси (өзүн-өзү цитирлөөсүн эсепке албаганда) 2ден (эки) кем эмес.

Илимий кызматкер кызмат орунга которулуучу окутуучуларга коюлган **кошумча талаптардын** таблица түрүндө чагылдырылышы:

| **№** | **Макамы** | **Илимий долбоорго жетекчилик/ аткаруучу** | **Scopus же Web of Science акыркы 5 (беш) жылда** | **Хирш индекси (өзүн-өзү цитирлөөсүн эсепке албаганда)** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Башкы илимий кызматкер** (табигый) | + | **Q1/Q2**<br>5  **(беш)** макала | **5 (беш)** |
| | **Башкы илимий кызматкер** (гуманитардык) | + | **Q1/Q2/Q3**<br>**3 (үч)** макала | **4 (торт)** |
| 2 | **Жетектөөчү илимий кызматкер**  (табигый) | + | **Q1/Q2/Q3**<br>5  **(беш)** макала | **4 (торт)** |
| | **Жетектоөчү илимий кызматкер** (гуманитардык) | + | **Q1/Q2/Q3**<br>**3 (үч)** макала | **3 (үч)** |
| 3 | **Улук илимий кызматкер** (табигый) | + | **Q1/Q2/Q3**<br>5  **(беш)** макала | **3 (үч)** |
| 4 | **Улук илимий кызматкер** (гуманитардык) | + | **Q1/Q2/Q3**<br>**3 (үч)** макала | **2 (эки)** |

**Мындан сырткары, төмөнкү көрсөткүчтөр дагы эске алынат:**

- Өндүрүштүк ишканалары менен 10 млн сомдон кем эмес суммага илимий долбоорго келишим түзүлсө;

-Инновациялык технололгиялар иштелип чыгылып, аны жергиликтүү өндүрүштүк ишканаларга кийирилсе жана ал технологияга патент алынса;

- Илимдин доктору (кандидаты) акыркы 5 жылда жок дегенде 3 илимдин кандидатын же 1 илимдин докторун даярдап чыгарса;

-Чет элдик өнөктөштөр менен илимий чоң долбоорду аткарууда теңаткаруучу болсо ж.б.

2.3. Web of Science Derwent Innovations Index базасына кирген эл аралык патенттер эл аралык рецензияланган илимий басылмаларда жарыяланган макала катары эсепке алынат.

### 3. Окутуучуларды «башкы илимий кызматкер», «жетектөөчү илимий кызматкер» жана «улук илимий кызматкер» кызмат ордуна которуу тартиби

3.1. Структуралык бөлүмдүн жетекчисинин билдирүүсү, илимий кызматкер кызмат орунга которулууга сунушталган окутуучулардын арыздары, ушул Жобонун 2.1, 2.2-пункттарында көрсөтүлгөн талаптарды ырастаган жана 1-тиркеме боюнча алдыдагы окуу жылына карата жекече иш-пландары тиркелген документтердин топтому алгач илим жана инновациялар бөлүмүндө текшерилип, пландоо-финансылык бөлүмү, академиялык иштер башкармалыгы, илимий иштер жана инновациялар боюнча проректор менен макулдашылып, ректордун тиешелүү илимий кызматкер кызматка которуу жонүндогү буйругу менен чечим кабыл алынат;

3.2. «Башкы илимий кызматкер», «жетектөөчү илимий кызматкер» жана «улук илимий кызматкер» кызмат орунга которулган окутуучулардын тапшырган отчетунун жыйынтыгы боюнча жекече эмгек келишими бир окуу жылына ар бир окуу жылына узартуу мүмкүнчүлүгү менен түзүлөт.

3.3. Гранттык же чарбалык келишим менен каржыланган илимий долбоорду ишке ашырып жаткан илимий кызмткерлердин кызмат орду штаттык бирдиктери менен тиешелүү кафедраларда пландаштырылат жана иштөө тартиптери, кафедра кабашчысынын, долбоордун жетекчисинин, илим жана инновациялар бөлүмүдүн, пландоо-финансылык бөлүмдүн, ж.б. тараптардын милдеттери, жоопкерчиликтери “Ош мамлекеттик университетинин стимул берүүчү гранттары аркылуу долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө Жобосу” ылайык менен жөндөлөт.

### 4. “Башкы илимий кызматкер”, “жетектөөчү илимий кызматкер” жана “окутуучу –изилдөөчү” кызмат ордуна которулган окутуучулардын милдеттери

4.1. ОшМУнун кызмат орундарынын квалификациялык мүнөздөмөлөрүндөгү жана тиешелүү ээлеген кызматына ылайык профессордун, доценттин, улук окутуучунун кызматтык нускамасындагы жалпы милдеттер «башкы илимий кызматкер», «жетектөөчү илимий кызматкер» жана «улук илимий кызматкер» кызмат ордундагы бардык окутуучуларга да милдеттендирилет;

4.2. «Башкы илимий кызматкер», «жетектөөчү илимий кызматкер» жана «улук илимий кызматкер» кызмат ордундагы бардык кызматкерлер илимий иштер жана инновациялар боюнча проректор менен макулдашылып, ректор тарабынан бекитилген

жекече иш-планын аткарышат. Жекече иш-планы алдыдагы окуу жылына пландалат жана 1-тиркемеде берилген илимий-усулдук иш жүгү камтылат;

4.3. Планды ишке ашырууда окуу жылы ичинде илимий кызматкер кызмат ордуна которулган бардык окутуучуларга **0,25 штаттык бирдик** үчүн **квартили Q1/Q2** болгон **1 (бир) макала** *(же квартили Q3 болгон 2 (эки) макала же квартили Q4 жана Conference paper, Book chapter тибиндеги 3 (үч) макала)* эсебинде университеттин расмий аталышы **«Osh State University» аффилияциясын милдеттүү түрдө көрсөтүү менен жалгыз автор, корреспондент же биринчи автор катары** Scopus базасында индекстелген журналдарда жарыкка чыгаруу милдети жүктөлөт. 0,5 штаттык жана 0,75 штаттык бирдик жана 1 штаттык бирдиктеги илимий кызматкер кызмат орундарына коюлган көрсөткүчтөр жогорудагы көрсөтүлгөн тартипте эсептелет.

Мисалы:

- **0,5** штаттык бирдик үчүн **квартили Q1/Q2** болгон **2 (эки) макала** *(же квартили Q3 болгон 4 (төрт) макала же квартили Q4 жана Conference paper, Book chapter тибиндеги 6 (алты) макала)*;
- **0,75** штаттык бирдик үчүн **квартили Q1/Q2** болгон 3 **(үч) макала** *(же квартили Q3 болгон 6 (алты) макала же квартили Q4 жана Conference paper, Book chapter тибиндеги 9(тогуз) макала)*;
- **1** штаттык бирдик үчүн **квартили Q1/Q2** болгон **4 (төрт) макала** *(же квартили Q3 болгон 8 (сегиз) макала же квартили Q4 жана Conference paper, Book chapter тибиндеги 12 (он эки) макала)*.

**Таблица түрүндө көрсөтүлүшү:**

| № | **Илимий кызматкердин штаттык бирдиктери** | **Q1/Q2 квартилиндеги** | **Же Q3 квартилиндеги** | **Же Q4 квартилиндеги же Conference paper, Book charter тибинде** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **0,25** | **1 (бир) макала** | 2 (эки) макала | 3 (үч) макала |
| 2 | **0,5** | **2 (эки) макала** | 4 (төрт) макала | 6 (алты) макала |
| 3 | **0,75** | **3 (үч) макала** | 6 (алты) макала | 9 (тогуз) макала |
| 4 | **1** | **4 (төрт) макала** | 8 (сегиз) макалы | 12 (он эки) макала |

Мындан сырткары, университетке бир же бир нече илимий долбоорлорду тартуу.

4.4. Окуу жылынын аягында «башкы илимий кызматкер», «жетектөөчү илимий кызматкер» жана «улук илимий кызматкер» кызмат ордундагы бардык кызматкерлер аткарылган иштер боюнча университеттин Окумуштуулар кеңешинин алдында отчет беришет. Отчет Жобонун 4.3 пунктундагы милдеттүү көрсөткүчтөрдөн сырткары Жобонун 1-тиркемесинде тиешелүү кызмат орундарга жараша көрсөтүлгөн иштин түрлөрүн өзүнө камтыйт жана университеттин Окумуштуулар кеңешинин (Илимий

–техникалык кеңештин) чечими менен канааттандырарлык же канааттандырарлык эмес деген баа берилет.

4.5. «Башкы илимий кызматкер», «жетектөөчү илимий кызматкер» жана «улук илимий кызматкер» кызмат орундагы бардык окутуучулар отчетту тапшыруу учурунда жекече иш-планы толук аткарылбай, бирок илимий эмгектеринин Scopus базасында индекстелген журналдардарына кабыл алуу жөнүндө тастыктаган документтери же кат алышуу (переписка) ж.б. жүйөлүү жагдайлары болгон учурларда отчетту тапшыруу мөөнөтүн 6 айга чейин жылдырууга ректордун буйругу менен уруксат берилет.

## 5. «Башкы илимий кызматкер», «жетектөөчү илимий кызматкер» жана «улук илимий кызматкер» кызмат ордуна көторулган окутуучулардын жөопкерчиликтери

5.1. Ишти уюштуруу жана ишмердүүлүктү жүргүзүү боюнча жоопкерчилик «Башкы илимий кызматкер», «жетектөөчү илимий кызматкер» жана «улук илимий кызматкер» кызмат ордуна которулган окутуучулардын жеке өздөрүнө жүктөлөт;

5.2. Чет өлкөлүк өнөктөш университеттердин жана илимий уюмдардын илимий институттары/лабораториялары/борборлору менен биргелешкен изилдөөлөрдү жүргүзүү жана ишке ашыруу максатында «башкы илимий кызматкер», «жетектөөчү илимий кызматкер» жана «улук илимий кызматкер» кызмат ордуна которулган окутуучулардын муктаждыгына жараша Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин **«Аралыктан иштөөнү аткарган окутуучулардын эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү»** деген 32-главасына ылайык түзүлгөн эмгек келишимдин жана ректордун буйругунун негизинде **ишмердүүлүгүн аралыктан иштөө аркылуу уюштурууга** уруксат берилет;

5.3. Илим жана инновация бөлүмү, кафедра башчысы жана декан/директор «башкы илимий кызматкер», «жетектөөчү илимий кызматкер» жана «улук илимий кызматкер» кызмат ордуна которулган окутуучулардын жекече иш-пландарына ылайык ишмердүүлүгүнө квартал сайын мониторинг жүргүзөт жана ал аткарылбаган учурда эмгек келишимин мөөнөтүнөн мурда токтотуу маселесин карайт;

5.4. «Башкы илимий кызматкер», «жетектөөчү илимий кызматкер» жана «улук илимий кызматкер» кызмат ордуна которулган окутуучуларды ушул Жобонун талаптарын аткартуу кафедра башчыларына жана декандарга/директорго жана көзөмөлдөө илим изилдөө жана инновациялар бөлүмүнө жүктөлөт;

5.5. Кафедраданын штатындагы илимий кызматкер илимий-изилдөөчү, илимий-эксперименттик жана башка илимий иштер боюнча өз милдеттерин жана бекитилген жекече иш-планын аткарбаса, кийинки 3 (үч) жыл ичинде «башкы илимий кызматкер», «жетектөөчү илимий кызматкер» жана «улук илимий кызматкер» кызмат ордуна сунушталбайт жана кеткен чыгымдар кайтарылып алынат.

5.6. Илимий кызматкер бекитилген жекече иш-пландан ашык илимий макала жарыкка чыгарган учурларда ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий изилдөө иштерин шыктандыруу жана жыйынтыгы боюнча сыйлоо жөнүндөгү Жобого ылайык кошумча сый акы ала алат.

**1-тиркеме**

БЕКИТЕМИН
ОшМУнун ректору,
профессор
К.Г. Кожобеков
___________________
___________________
___________________

**«____________илимий кызматкер»** (тиешелүүсү жазылат)

_________________________________________

**(Ф.А.А.)**

**________-окуу жылы үчүн**

**ЖЕКЕЧЕ ИШ-ПЛАНЫ**

**________- факультети (институту), __________ кафедрасы**

| № | Иштердин түрлөрү | Эмгектин аталышы | Аткаруу мөөнөтү | Башкы илимий кызматкер | Жетектөөчү илимий кызматкер | Улук илимий кызматкер | Отчет тапшыруу учурунда тастыкталышы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | CiteScore боюнча процентили 50тен кем эмес болгон Scopus базасында индекстелген журналдарда жарыкка чыккан илимий макалалар | | | + | + | + | Макаланын Scopus базасынан алынган скриншоту же шилтемеси |
| 2. | Web of Science маалымат базасы боюнча 1(биринчи), 2 (экинчи) квартилге кирген журналдарда жарыкка чыккан илимий макалалар | | | + | + | + | Макаланын Scopus базасынан алынган скриншоту же шилтемеси |
| 3. | Илимий монографияларды төмөнкү басмалардан чыгаруу: Springer Nature, Elsevier, Wolters Kluwer, Taylor&Francis, Wiley Blackwell, SAGE, BRILL, IEEE, Emerald, KARGER, OXFORD University Press, BENTHAM SCIENCE INDERSCIENCE PUBLISHERS, CAMBRIDGE University Press, CRC Press, | | | + | + | | Монографиянын титулдук бетинин скриншоту же шилтемеси |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | DeGruyter, Edward Elgar Publishing, John Wiley & Sons, McGraw Hill, Palgrave Macmillan, Routledge, Sage Publications, Peter Lang, Prentice Hall же Academic Ranking of World Universities, Times Higher Education, US News Best Global Universities Rankings, QS эл аралык рейтингдери боюнча топ-100 генералдык рейтингге кирген ЖОЖдордун басмалары | | | | | | |
| **4.** | Окуу жыл ичинде жаш окумуштуулар үчүн **«Илимий изилдөөнүн методологиясы»/ «Академиялык жазуу»** боюнча 2ден кем эмес жолу илимий семинар уюштуруу жана өткөрүү | | | + | + | + | Тиешелүү тастыктоочу документтердин көчүрмөсү |
| **5.** | Студенттер, магистранттар жана докторанттар арасында илимий топту түзүү | | | + | + | | Тиешелүү тастыктоочу документтердин көчүрмөсү |
| **6.** | Пост-докторанттарга илимий жетекчилик кылуу | | | + | | | Аспирантура жана докторантура бөлүмү тастыктайт |
| **7.** | ОшМУнун автордук укугу менен интеллектуалдык менчик объектилерине патент алуу | | | + | | | Илим жана инновация бөлүмү тастыктайт |
| **8.** | Чет өлкөлүк өнөктөш университеттер жана илимий уюмдар менен илимий жана билим берүү кластерлеринде биргелешкен изилдөөлөрдү жана улуттук илимий институттар/лабораториялар/бо рборлор менен глобалдык жана региондук таасири бар кластерлер боюнча биргелешкен изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн келишимдерди түзүү жана ишке ашыруу | | | + | | | Илим жана инновация бөлүмү тастыктайт |
| **9.** | Гранттык каржылоо менен же өндүрүштүн технологиялык маселелерин чечүүдө илимий же аналитикалык багытта кызмат көрсөтүүгө келишим түзүү (комерциялаштыруу) ж.б. боюнча долбоорлорду тартуу жана башкаруу | | | + | + | + | Илим жана инновация бөлүмү жана эл аралык байланыштар бөлүмдөрү тастыктайт |

**Макулдашуу барагы:**

| | |
|---|---|
| Илим жана инновация бөлүмүнүн башчысы, доцент: | Курбанбаева Н.Н. |
| Илим жана инновациялар боюнча проректор, доцент: | Арапбаев Р.Н. |
| Академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын начальниги, доцент: | Артыкова Ж.А. |
| Пландоо-финансылык бөлүмүнүн башчысы: | Курбанбаева Д.Ш. |
| Укуктук иштер бөлүмүнүн башчысы: | Айдарбекова Ж.А. |